УДК 371.3:811.512.154
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-370-9

**МЫРЗАНАЕВА М.К., КОЖОБЕКОВА Г.С.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
ОИӨК Кыргызстан эл аралык университети
**МЫРЗАНАЕВА М.К., КОЖОБЕКОВА Г.С.**
КНУ имени Жусупа Баласагына,
УНПК Международный университет Кыргызстана
**MYRZANAEVA M.K., KOZHOBEKOVA G.S.**
KNU Jusup Balasagyn,
ERPC International University of Kyrgyzstan

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА СТУДЕНТТИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ

## САМОСТОЯТЕЛЬНАЯ РАБОТА СТУДЕНТОВ ПО КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В ВУЗЕ

## INDEPENDENT WORK OF STUDENTS IN THE KYRGYZ LANGUAGE AT THE UNIVERSITY

**Кыскача мүнөздөмө:** Студенттин өз алдынча иштөөсү — таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн бир түрү катары көндүмүн, билимин колдонуу аркылуу атайын белгиленген тапшырманы жекече аткаруусу. Ал окуу ишмердигинин формасы катарында маалымат менен иштөө көндүмүн, логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн, чыгармачыл чечим табуу ыкмасын калыптандырат. Бул студентке окуу процессинде алган билимин бекемдөөгө жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө зарыл көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Өз алдынча иштөөдө сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүп, окуу материалдарын терең өздөштүрүү, маалыматтарды талдоо жана системалаштыруу жөндөмүн өрчүтүп, өз алдынча билим алуу жоопкерчилиги жана изилдөөчү долбоорлорго даярдык көрүү максаттарын көздөйт. Илимий эмгекте жогорку окуу жайында студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн негизи жана анын эл аралык мамилелер багытындагы студенттерге кыргыз тилин окутууда өз алдынча иштөөгө берилген тексттердин тематикалык-идеялык мазмуну талданат.

**Аннотация:** Самостоятельная работа студента — это индивидуальное выполнение студентом специально поставленной задачи посредством применения навыков, знаний как вида познавательной деятельности. Он формирует умение работать с информацией как формой учебной деятельности, умение логически рассуждать, умение находить творческие решения. Это помогает студенту закрепить знания, полученные в процессе обучения, и развить навыки, необходимые для будущей профессиональной деятельности. Самостоятельная работа преследует цели развития критического и творческого мышления, глубокого усвоения учебных материалов, способности анализировать и систематизировать данные, ответственности за самообразование и подготовки к исследовательским проектам. В научной работе анализируются основы самостоятельной работы студентов в вузе и тематико-идейное содержание текстов, предоставляемых студентам направления международных отношений для самостоятельной работы при обучении кыргызскому языку.

**Abstract:** Independent work of a student is the individual fulfillment by a student of a specially set task through the use of skills and knowledge as a type of cognitive activity. It forms the ability to work with information as a form of learning activity, the ability to reason logically, and the ability to find creative solutions. This helps the student consolidate the knowledge gained in the learning process and develop the skills necessary for future professional activity. Independent work pursues the goals of developing critical and creative thinking, deep assimilation of educational materials, the ability to analyze and systematize data, responsibility for self-education and preparation for research projects. The scientific work analyzes the basics of students' independent work at the university and the thematic and ideological content of the texts provided to students of the international relations department for independent work in teaching the Kyrgyz language.

**Негизги сөздөр:** өз алдынча иштөө; студент; жогорку окуу жайы; адистик; методика; окутуу; текст.

**Ключевые слова:** самостоятельная работа; студент; высшее учебное заведение; специальность; методика; обучение; текст.

**Keywords:** independent work; student; higher educational institution; specialty; methodology; training; text.

ЖОЖдо окутулуучу дисциплиналарда студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн сааттар каралган. Окуу системасында студентин өз алдынча иштөөсү (СӨАИ) үчүн окутуучу жумушчу программадагы белгилүү саатка ылайыктап, студент программага ылайык иштей турган темаларды алдын ала даярдайт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна 2-тиркемеде (16.02.2023-жылдагы №557/1) "Студенттердин өз алдынча иштөөсүн (СОАИ) уюштуруу жөнүндө жободо" дисциплинаны жалпы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн т.а. саатынын 55%дан 65% чейинкисин студенттин өз алдынча иштөөсү түзүү керектиги жазылган [1; 2]. Демек, билим берүү программасынын алкагында СӨАИ окуу программасынын мазмундук түзүлүшүнө кирет. Студенттин өз алдынча иштөөсүн методикалык жактан уюштуруудан мурун, СӨАИнин мазмундук-тематикалык планын туура түзүү маанилүү маселелерден. Тандалган тексттердин мазмуну, логикалык түзүлүшү дисциплинанын жумушчу программасы менен шайкеш келиши маанилүү [2, б. 261].

Студенттин өз алдынча аткарган иши бааланат жана окутуучунун түздөн-түз жетекчилиги астында жыйынтыкталат. Студенттин өз алдынча иштеген ишин окутуучу каалаган формада текшере алат, эгерде СӨАИ окутуучу тарабынан аудиторияда оозеки жыйынтыкталса, башка студенттерге таасир берүүчүлүк, мотивациялык аспектиси жогору болот.

Студенттин өз алдынча иштөөсүн мүнөзү боюнча төмөнкүдөй карасак болот:

1. Репротивдүү ишмердүүлүк. Мурун өздөштүрүлгөн материалды бекемдөөгө багытталат. Ага мисалы, өтүлгөн тема боюнча конспект түзүү, текстти кайра айтып берүү, сабактарда тааныш болгон типтүү тапшырмаларды аткаруу сыяктуу иш-аракеттер. Бул теманы өздөштүрүүнүн алгачкы этаптарында пайдалуу, негизги түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө жана эстеп калууга жардам берет.
2. Продуктивдүү ишмердүүлүк. Бул окуу процессинде студент жигердүү катышат: материалды аң-сезимдүү түрдө түшүнөт жана чечмелейт, жеке өзүнүн көз карашын билдирет. Доклад даярдоо, эссе жазуу, өтүлгөн тема боюнча таблица же схема түзүү сыяктуу иш-аракеттер сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жана логикалык ойлоо жөндөмүн өөрчүтөт.
3. Изилдөөчү ишмердүүлүк. Илимий маселени терендеп изилдөөгө байланыштуу болуп, студенттер мында маалыматты өз алдынча топтоп, талдоо жана жыйынтык чыгаруу менен гипотезаларды негиздешет. Бул иштин түрүнө курстук жана дипломдук иштерди жазуу, илимий конференцияларга катышуу, белгилүү бир тема боюнча аналитикалык обзор түзүү кирет.
4. Практикалык ишмердүүлүк. Билимди иш жүзүндө, кесиптик шарттарга жакын кырдаалда колдонууга багытталат. Мисалы, лабораториялык тапшырмаларды аткаруу, практика боюнча отчет даярдоо, техникалык эсептөөлөрдү жүргүзүү же чыгармачыл долбоорлорду ишке ашыруу. Бул иштин түрү биологиялык, химиялык, инженердик, медициналык жана чыгармачыл адистиктерде өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн окуу программасында орун алышы лекцияларда пассивдүү кабыл алуучу моделден активдүү, өз алдынча изденип билим алуудагы жоопкерчиликтүү, чыгармачылыгын жана изденүүчүлүк жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналат. "Студентти СӨАИге даярдоонун маанилүү бөлүгү катарында жалпы илимий көндүмдөрдү өнүктүрүү саналат: өз убактысын пландай билүү, окуу материалын багыттоо, атап айтканда, андагы негизги нерсени бөлүп көрсөтүү, ишти белгилүү бир ырааттуулукта аткаруу, китеп, маалымдама адабияты менен иштөө, өз билдирүүңүздүн планын жана

тезистерин түзүү, өзүн-өзү жана өз ара көзөмөл жүргүзүү ж.б.” [3, б. 35].

СӨАИга берилген тапшырмаларды аткарууда үчүн студенттен күтүлүүчү аракеттер:

- СӨАИде жеке аткара турган тапшырмасын так билүүсү, убактысын пландоосу;
- Өздөштүрүп жаткан материал менен жеке иштөөсү, ошол темага көңүлүн топтоосу;
- Студенттин белгилүү темада материал топтоосу жана ага физикалык, интеллектуалдык, эмоционалдык күчүн, эркти пайдалануусу;
- Жаңы технологиялык каражаттардын айкалыштыруусу жана маалымат булактарын максаттуу пайдаланууга жетишүүсү;
- Талап кылынган мөөнөттө тапшыруусу.

Кыргыз тили дисциплинасында студенттерге жогорку окуу жайларда окуунун баштапкы этаптарында берилген тема боюнча материал топтоп, аны оозеки айтып берүү, презентациялоо талабын коюуга болот. Мында 1-курстун студенттеринин мектептеги жөндөмү, көндүмдөрү жана өз алдынча билим алуу практикасы жардамчы болот. Алар алгачкы этаптарда алар өз алдынча окууну уюштуруу, көңүлүн тиешелүү материалга топтоого жумшоо, жооп берүүдө сүрдүү жеңүү этаптарынан өтөт. Өз алдынча иштөөдө тапшырманын татаалдыгы студенттин кыргыз тилин билүү деңгээлине жараша аныкталат. Өз алдынча иштөөдө окутуучу тарабынан дифференцияланган мамиле жасоо натыйжалуу болот. Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн эл аралык мамилелер багытындагы айрым берилген темаларга токтолсок: “Тилекмат элчи”, “Атаке баатыр”, “Кыргызстандагы белгилүү дипломаттар”, “Бириккен Улуттар Уюму”, “Толеранттуулук”, “Казы Дикамбаев”, “Мамлекеттик ишмер – Искак Раззаков”, “Ата бейит” ж.б. Бул темаларга кошумча өлкөнүн тышкы саясаты, эл аралык уюмдардагы катышуусу, глобалдык көйгөйлөргө карата позициясы чагылдырган тексттерди презентациялай алышат. Өз алдынча изденүүдө тексттердин тематикалык-идеялык багыты улуттук иденттүүлүк, жарандык аң-сезим, эл аралык мамиле, коммуникативдик компетенциядан түзүлүп, бул багыттагы түшүнүктөрдү калыптандыруу аркылуу келечектеги кесипке даярдык көрүшөт.

Кыргыз тилин окутууда кесипке т.а. дипломатияга байланыштуу иш кагаздардан турган тексттер өз алдынча өздөштүрүүгө татаалдык жараткандыктан, алгач аудиторияда практикалык сабактарда тереңдетилип окулат. Бул тексттер илимий, иш-кагаз стилине байланыштуу болуп, текстти терең өздөштүрүү үчүн кесиптик терминологияга байланыштуу көнүгүүлөр жана тапшырмалар менен коштолот. Өз алдынча ишти аткарууда мурунку өздөштүргөн билим менен жаңы тапшырманын ортосундагы байланыш студенттин маалыматты такташына, материалды тереңдеп өздөштүрүшүнө жана өзүнүн өздөштүргөн билимин презентациялоо талабын да тажрыйбада колдонулат. Бул өз ичине окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрүн, студенттердин өз алдынча даярдыгынын сапатын, аудиториялык сабактын маанилүү эффективдүү өтүлүшүн камтыйт [4]. Бул шартта студенттер менен иштөөдө тапшырманын мазмуну аудиториялык сабактардын мазмуну менен айкалышып, тил жана кеп материалдарынын татаалдыгы эске алынганда, студенттин жекече иштөөсүндө, ой жүгүртүүсүндө, маалыматтарды анализдөөсүнө жалпы илимий көндүмдөрүн өнүктүрүүсүнө жеткиликтүү багыт болот. Филологиялык эмес факультеттерде айрым ЖОЖдордо кыргыз тили 1-курста гана өтүлгөндүктөн, студенттин өз алдынча иши үчүн тексттер менен иштөөсүндө билимге ээ болуу, билимди бекемдөө жана системалаштыруу жана билгичтиктерди калыптандыруу окуу планынын жана кыргыз тили үчүн түзүлгөн программанын практикалык сааттардын алкагында жумушчу программада көрсүлгөн максаттын жана мазмундун алкагында окутулат.

Студенттин жалпы эле өз алдынча иши үчүн тексттер менен иштөөсүндө билимге ээ болуу үчүн: окуу китепти, баштапкы булакты, кошумча адабият менен таанышуу, конспектилөө, сөздүктөр менен иштөө, нормативдик документтерди талдоо, компьютердик техника, интернет жана башка санариптик булактарды аудио жана видео материалдарды пайдалануу.

Билимди бекемдөө жана системалаштыруу үчүн: окуу материалын кайра карап чыгуу (окуу китептер, баштапкы булактар, кошумча адабияттар, аудио жана видео материалдар); окуу материалын системалаштыруу үчүн таблица түзүү; текстти аналитикалык иштеп чыгуу (аннотация жазуу, рецензия, реферат, конспект, анализ ж.б.); семинарда же конференцияда сүйлөө үчүн билдирүү даярдоо; реферат жана доклад

даярдоо, библиография түзүү тест тапшыруу жана башка иштер.

Көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандыруу үчүн төмөнкү иштер жүргүзүлөт: мисал боюнча тапшырмаларды жана көнүгүүлөрдү аткаруу; варианттуу тапшырмаларды аткаруу; лекциянын конспектиси менен иштөө (текстти талдоо); жооптун планын жана тезистерин түзүү; өндүрүштүк (кесиптик) кырдаалдык тапшырмаларды чечүү; ишкердик ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн долбоорлоо жана моделдөө; рефлексиялык талдоо жүргүзүү (аудио жана видео каражаттарды колдонуу менен курстук, дипломдук иштерди жана долбоорлорду даярдоо, эксперимент жүргүзүү) [5, б. 2; 3].

Практика жүзүндө студенттердин өз алдынча иштөөсүндө бир нече төмөнкүдөй ички жана тышкы тоскоолдуктар байкалат:

- Окуган дисциплинага кызыкпагандыгы, максатынын жоктугу же жалкоолук;
- Убакытты туура пайдаланбагандыгы, өзүн-өзү уюштура албоосу;
- Жоопкерчиликтин жетишсиздиги т.а. өз милдетин аткарууга кайдыгер кароосу, тапшырманы аткаруудан качуу;
- Өзүнө ишенбөөчүлүк, өзүнүн билим деңгээлин төмөнүрөөк баалоо;
- Когнитивдик жана интеллектуалдык чектөө – тапкан маалыматын талдоо жана логикалык ой жүгүртүү жөндөмүнүн жетишсиздиги;
- Окутуучунун багыт жана кеңеш берүүсүндө колдоонун жетишсиздиги;
- Студентке окуу жүктөмүнүн оордугу, убакыттын жетишсиздиги;
- Окутуучу тарабынан методикалык көрсөтмөнүн, берилген тапшырманын так эместиги;
- Материалдын жетишсиздиги.

Окутуучу көзөмөлү аркылуу студенттин өз алдынча иштөө процессинде изилдөө үчүн белгилүү теманы тапшырма катары берип, кыргыз тилиндеги материалдар менен өз алдынча иштөө муктаждыгын жаратуу аркылуу таанып билүү, өздөштүрүү, системалоо, жыйынтык чыгаруу, чыгармачылык менен мамиле жасоого менен интеллектуалдык продукт жаратууга, өзүнүн эмгегин ылайык болгондо публикага алып чыгуусуна өбөлгө түзүү. "Бир жагынан ал окуу тапшырмасы, башкача айтканда студент аткарууга милдеттүү болгон нерсе, бул анын чыгармачылык объектиси. Студентке ал окутуучу тарабынан аныкталган же программалаштырылган ыкма менен сунушталат. Экинчи жагынан, өз алдынча иштөө - бул студент тарабынан тиешелүү окуу тапшырмасын аткаруу боюнча иш аракеттин белгилүү бир ыкмасын көрсөтүү формасы болуп, ал акыр түбү аны мурда белгисиз, таптакыр жаңы билимди алууга, же мурда алынган билимди тереңдетүүгө жана иреттөөгө алып келет" [6, б. 23].

СӨАИ бардык дисциплиналар үчүн билим берүүдө ажырагыс бир бүтүндүктө жүргүзүлүп, студенттердин сабакта жана сабактан тышкаркы убакта окутуучунун усулдук жетекчилиги жана анын түздөн-түз катышуусуз аткарыла турган окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө, багыттоо иштери болуп эсептелет жана студенттердин алган билимдерин максаттуу пайдалануу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

### Колдонулган адабияттар

1. Положение об организации самостоятельной работы студентов (СРС) : прил. 2 к приказу Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 16.02.2023 № 557/1 [Электронный ресурс].
2. Мырзанаева, М. К. Жогорку окуу жайында адистик тексттер менен иштөө / М. К. Мырзанаева, Н. Ж. Касымбекова // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2025. – № 3.
3. Садыкова, А. С. Чет тили боюнча өз алдынча иштери, анын эффективдүүлүгү жана актуалдуулугу / А. С. Садыкова // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2024. – № 3.
4. Сенашенко, В. Самостоятельная работа студентов: актуальные проблемы / В. Сенашенко, Н. Жалнина // Высшее образование в России. – 2006. – № 7. – С. 103.
5. Десятирикова, Е. Н. Методические рекомендации по самостоятельной работе студентов направления подготовки [Электронный ресурс] / Е. Н. Десятирикова.
6. Асипова, Н. А. Студенттердин өз алдынча иштерди аткаруудагы чыгармачылык мамилесин калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык маселелери / Н. А. Асипова, А. С. Баялиева, М. Курманбек кызы // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2024. – № 1. – 18–24-б.

**Рецензент: ф.и.к., доцент Бешкемпирова А.И.**